# АТАЙЫН ЖЕ ТАТААЛ СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ

Бул тизмеде ушул китепте колдонулган, бирок сизге түшүнүксүз болушу мүмкүн делген сөздөр алфавиттик ирээтте берилген. Алардын түшүндүрмөсүн ушул жерден кароого мүмкүн экенин сизге көрсөтүү үчүн, бул сөздөр китепте биринчи жолу келтирилгенде ***жоон курсив*** түрүндө жазылган. Мындан тышкары, сөздөрдүн толугураак түшүндүрмөсү камтылган ушул эле китептин беттерине шилтемелерди да пайдаландык. Эгер бул сөздүктө сизге керектүү сөздүн түшүндүрмөсү жок болсо, аны АЛФАВИТТИК КӨРСӨТКҮЧтөн караңыз. Ошол сөздүн түшүндүрмөсү АЛФАВИТТИК КӨРСӨТКҮЧтө келтирилген бетте болушу мүмкүн. Мисалы, “артрогрипоз” 122-бетте түшүндүрүлөт.

### А

**Акыл-эстик** Акылга же интеллектке тийешелүү дегендик. Акыл-эсинин өрчүүсү бузулган же артта калган бала жаңыны башка балдардай тез үйрөнө же эстеп кала албайт.

**Антациддер** Ашказандын кычкылдыгын жокко чыгаруучу дарылар.

**Антибиотик** Бактериялар козгогон инфекциялар менен күрөшүүчү дары. Пенициллин жана тетрациклин – антибиотиктер. Антибиотиктер жана алардын колдонулушу тууралуу *“Үй-бүлөнүн ден соолугу үчүн”* китебинен (55–58-беттер) караңыз.

**Артрит** Дененин бир же бир нече муунунда, мисалы, тизелерде, чыканактарда же кашка жиликтердин жамбаш сөөк менен ашташтарында орун алган ооруу же сезгенүү.

**Атаксия** Булчуңдардын биргелешип кыймылдоосу бузулуу жана дененин тең салмактыгын сактоодогу кыйынчылыктар. (90-бетти караңыз.)

**Атрофия** Булчуңдар нервдердеги кемчиликтердөн улам жабыгуу же алсыздануу. (“Дистрофия” менен салыштырыңыз.)

**Аяк** Кол же бут.

### Б

**Баалоо** Кандайдыр бир нерсе канчалык жакшы иштерин жана кандай кемчиликтери бар экенин аныктоого багытталган байкоо жана изилдөө.

**Байламта** Муунду жана сөөктөрдү бир биринен ажыратты-рбай кармоочу, бириктиргич ткандардан турган тыгыз жана серпилме булалар. Байламталар сөөктү башка сөөк менен бириктирет, тарамыштар сөөктү булчуң менен бириктирет.

**Барган сайын улам күчөгөн** Кайсы бир илдеттен улам адамдын ден соолугунун абалы бара-бара начарлашын билдирет. Мисалы, булчуңдар дистрофиясы.

**Булчуңдар** Дененин “кыскарууга” жөндөмдүү жумшак органдары. Мындай кыскаруунун натыйжасында дененин бөлүктөрү кыймылга келет.

### В

**Вирус** Айрым инфекциялык (оңой тароочу) ооруларды козгоочу, бактериялардан кичирээк келген микрожандыктар. Вирустардын көпчүлүгүн антибиотиктердин жардамы менен жок кылууга мүмкүн эмес.

### Г

**Гемиплегия** Дененин бир гана жагындагы колдун жана буттун булчуңдарынын шалдыгы же кыймылдай албай калышы.

**Ген** Белгилерди ата-энеден баласына өткөрүүнү жөнгө салган же камсыз кылган, тукум куучулук маалыматын алып жүргөн бирдик.

**Гигиена** Ден соолукту коргоо максатында жеке тазалыкты сактоо иш-аракеттери.

### Д

**Денени туура абалга келтирүү** Атайын отургучтардын, астарлыктардын, жөлөктөрдүн жардамы же дагы башка жолдор менен адам денесин ден соолугу үчүн пайдалуу туура абалда кармоосуна жардам берүү.

**Диплегия** Дененин үстүнкү бөлүгүн да кошо жабыркаткан параплегия. (90-бетти караңыз.)

### Ж

**Жалаяк** Заараны сиңирип алуу үчүн кездеме. Табарсыгын башкара албаган баланын астына салынат.

**Жалаякшым** Негизинен балдар тарабынан колдонулуучу, заараны сиңирип алуу үчүн атайын ички кийим.

**Жүлүн** Омуртка тутумун ичинен бойлогон, мээни дененин башка бөлүктөрү менен (кыймылдатуу жана сездиртүү максатында) байланыштыруучу негизги нервдердин жыйындысы. (175-бетти караңыз.)

**Жүрүм-турум** Адамдын ар түрдүү аракеттерди аткаруу жана айланасындагылар менен өз ара аракеттешүү ыкмасы. Баланын аракеттенүү же башкалар менен өз ара аракеттешүү ыкмасы. (40-бөлүмдү караңыз.)

**Жыгач тамандуу бут кийим** Көбүнчө ортез менен чогуу колдонулуучу бут кийим.

### З

**Заара** Дененин тиричилик кылуусунан калган суюк калдык.

**Заң** Дененин тиричилик кылуусунан калган, көбүнчө катуураак келген калдык.

### И

**Инфекциялык оорулар** Микрожандыктар (бактериялар, вирустар, курттар же башка кичинекей тирүү жандыктар) козгогон илдеттер. Инфекциялык оорулардын кээ бирлери дененин бөлүгүн гана жабыркатса, башка түрлөрү бүтүндөй денеге залалын тийгизет.

**Ичеги** Дененин тиричилик кылуусунан калган катуу калдыктары (заң) денеден чыгуунун алдында чогулуучу, тамак сиңирүү жолунун бир бөлүгү.

### К

**Кан жүгүрүү** Кандын денедеги кан тамырлар (артериялар жана веналар) боюнча агуусу. Дененин бөлүктөрүнүн абалы мыкты болушу үчүн, кан жүгүрүү жакшы болушу маанилүү.

**Квадриплегия (тетраплегия)** Оорудан же жүлүндү моюн бөлүгүнөн жабыркатып алуудан улам эки колдун жана эки буттун тең булчуңдары шал болуп же кыймылдабай калуу.

**Контрактура** Көбүнчө булчуңдардын кыскарып кетүүсүнөн улам болуучу, муундун кыймылдоо ийкемдүүлүгү азаюу. (8-бөлүмдү караңыз.)

**Которулуу** Дөңгөлөктүү отургучтан керебетке, отургучка, баланын керебетине, автоунаанын орундугуна, даараткананын орундугуна же жерге жана карама-каршы багытта орун алмаштыруу.

**Көп бузулуу** Бир эле балада анын ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрүн далай учурда физикалык да, акыл-эс да жагынан чектеген дароо бир нече илдет болуу. (283-бетти караңыз.)

**Көчүк** Жамбаштар. Адам денесинин ушул бөлүгү менен отурат.

**Курч мүнөздөгү** Күтүлбөгөн жерден болгон жана кыска убактылуу. Курч мүнөздөгү ооруу – күтүлбөгөн жерден пайда болуучу, кыска убакытка созулуучу ооруу. “Өнөкөттүн” карама-каршысы.

**Кыймылдатуучу нервдер** Мээден дененин бөлүктөрүнө кабар өткөрүп, булчуңдарга кыймылдоону “буйруган” нервдер.

Л

**“Липучка” илмек** Бир бирине жабышып калчу, пластиктен жасалган түктүү тасма. (Тасманын бир бөлүгүнүн бетиндеги майда пластик илмекчелер экинчи бөлүгүнүн бетиндеги майда пластик тармал түктөргө илинип жабышып калат.) Кийимде, ортездерде жана бут кийимде топчунун, металл илгичтин же боонун ордуна колдонгон ыңгайлуу – өзгөчө колдорун жакшы башкара албаган балдар үчүн. (335-бетти караңыз.).

М

**Муункап** Муунду айланган тыгыз каптоо.

Н

**Нервдер** Электрдик сигналдар дене боюнча ары-бери жүрүп турган, жип сымал ичке узун булалар. Нервдердин бир түрү ар түрдүү буюмдарды тийүү жолу аркылуу сезүүбүздү мүмкүн кылат, экинчи түрү дененин бөлүктөрүн кыймылдатууга мүмкүнчүлүк берет. (35-бетти караңыз.)

О

**Омуртка тутуму** Кыр арка сөөгү; “омурткалар” деп аталган өзүнчө сөөктөр чынжыры. Арканын так ортосу боюнча узунунан жайгашкан.

**Ортез** Сөөктөр жана булчуңдар биргелешип аткарган функциясын аткарбай калганда же чектелүү аткарганда колдонулуучу таёочу, оңдоочу же ордун толтуруучу көмөкчү жасалга. (58-бөлүмдү караңыз.)

**Ортопедиялык** Сөөктөр жана булчуңдар биргелешип аткарган функциясын аткарбай калганда же чектелүү аткарганда колдонулуучу таёо, оңдоо же ордун толтуруу ыкмаларын изилдөөчү медицинанын тармагына тиешелүү дегенди билдирет.

**Ортопедиялык аппарат** Так эле ортез, бирок түшүнүк кененирээк. Мисалы, дөңгөлөктүү отургучтар ортопедиялык аппарат түшүнүгүнө кирет, бирок аны ортез деөгө болбойт.

Ө

**Өнөкөт** Узакка созулуучу же улам кайталана берүүчү. Мисалы, өнөкөт оору. “Курч мүнөздөгү” менен салыштырыңыз.

**Өнүгүүгө түрткүлөө (түрткү берүү)** Айланасындагы нерселерге баланын кызыгуусун ойготуу; добуштардын, элестердин, оюнчуктардын, жыттардын, денесине тийүүнүн жардамы менен денесин кыймылдатуу жана сезүү жөндөмдүүлүктөрүн өрчүтүү. “Эртелеп түрткү берүү” – айланасынын таасирлерине карата бөбөктүн биринчи реакцияларын жана баштапкы ык-жөндөмдөрүн өрчүтүүгө жардам берген иш-аракеттер. (301-бетти караңыз.)

П

**Параплегия** Оорудан же жүлүн жабыркоодон улам эки буттун (кээде дененин башка бөлүктөрү дагы) булчуңдарын кыймылдатуу жөндөмдүүлүгү бузулуу же толугу менен жоголуу.

**Протез** Жасалма кол, бут же дененин башка бөлүгү. “Протездөө” – протез жасоо чеберчилиги.

Р

**Реабилитация** Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамга мүмкүн болушунча толук баалуу жашаганды жана өзүн өзү тейлегенди үйрөтүү иш-аракеттери, чеберчилиги.

С

**Селейме** Нерв системин жабыркатып, булчуңдардын карышып калуусуна алып келүүчү курч мүнөздөгү инфекциялык илдет. Орус тилинде “столбняк” деп аталат.

**Сенсордук нервдер** Адам көргөнү, укканы, жыттап же тийип сезгени тууралуу кабарды дене бөлүктөрүнөн мээге жеткирүүчү нервдер.

**Социалдык** Адамдар тобунун ичиндеги аракеттерине, баалуулуктарына, чечимдерине жана өз ара мамилелерине тийиешелүү дегенди билдирет.

**Спазм** Булчуң (же булчуңдар тобу) күтпөгөн жерден куушуруп (кыскарып) тартылып калуу.

**Спастика** Булчуңдар адамдын эркине баш ийбей, өзүнөн өзү куушуруп тартылып калуусу менен мүнөздүү бузулуу. Адамга кыймылдарын башкаруу оор болуп калат. Мээ же жүлүн жабыркаганда, балдардын церебралдык шалдыгында көп учурайт.

Т

**Табарсык** Заара денеден чыгуунун алдында чогулуучу, ич көңдөйүндөгү, булчуң ткандарынан турган баштык.

**Тарамыш** Булчуңдарды сөөктөр менен байланыштыруучу, бириктиргич ткандардан турган булалар. Мисалы, “кылта” деп аталган тарамыш балтыр булчуңдарын согончок сөөгү менен байланыштырат.

**Терапия** Дарылоо; бейтапты реабилитациялоо үчүн пландалган көнүгүүлөр жана иш-чаралар. *Физиотерапияны* жана *Эрготерапияны* караңыз.

**Тетраплегия** *Квадриплегияны* караңыз.

**Техник-ортопед** Ортездерди жасоочу адис.

**Триггер** Козгоочу же кыймылга келтирүүчү фактор.

**Тукум куума** Үй-бүлөлүк; түшүнүк бойго бүтүү учурунда ата-энеден баласына өтүүчү белгиге же өзгөчөлүккө карата колдонулат. Илдет тукумдан кийинки тукумга өткөндө, тукум куума делип эсептелет.

**Тулку** Дененин борбордук бөлүгү. Баш, моюн жана колубуттар тулкуга кирбейт.

Ф

**Физикалык** Денеге жана ал аткарган функцияларына тийешелүү.

**Физиотерапевт** Физиотерапия тармагындагы адис; физикалык бузулуулары бар адамдарга көнүгүүлөрдү жана иш-чараларды тандап берет жана үйрөтөт.

**Физиотерапия** Дененин физикалык функцияларын өрчүтүү, калыбына келтирүү жана калыбында сактоо маселелери боюнча медицина тармагы.

**Функционалдуу** Пайдалуу; күндөлүк турмушта кандайдыр бир максатка кызмат кылуучу. Көнүгүүнү же терапияны кайсы бир пайдалуу иш-аракеттин бөлүгү катары аткаруу мүмкүн болгондо, аны функционалдуу деп эсептөөгө болот.

Ш

**Шалдык** Булчуңдардагы алсыздык; дененин бөлүгүн же бүтүндөй денени кыймылдатуу жөндөмдүүлүгү азаюу же толугу менен жоголуу.

Ы

**Ыңгайлоо** Конкреттүү балага же жергиликтүү шарттарга ылайыктуураак кылуу, тууралоо үчүн өзгөртүү же өзгөртүүлөр. Денени мыктыраак жөлөшү үчүн, отургучка кайыштарды же астарлыктарды кошуу жолу аркылуу аны ыңгайлоого болот.

Э

**Эмдөө** Инфекциялуу илдеттерден, мисалы, полиомиелиттен, кызылча оорусунан ж.б.у.с. коргоо үчүн ийне сайып же ооз аркылуу атайын дары (вакцина) берүү.

**Эрготерапия** Оорудан же денесинин бөлүгүн жабыркатып алуудан улам кыймылдай же күндөлүк иштерин аткара албай калган адамдардын активдүүлүгүн баалоо, жогорулатуу жана калыбына келтирүү маселелери боюнча медицина тармагы. Эрготерапевт ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адам канткенде көбүрөөккө жарай аларын түшүнүүсүнө жардам берет.

Ю

**Ювенилдик** Балалык, өспүрүм куракка тийешелүү.